**УДК: 070 (575.2) (045)**

**Токтогулова Айгуль Токтогуловна**
Кыргыз Республикасынын Эл аралык университети
кафедра “Филология и коммуникации”
**Токтогулова Айгуль Токтогуловна**
Международный Университет Кыргызской Республики
Кафедра «Филологии и коммуникации”
**Toktogulova Aigul Toktogulovna**
International university of Kyrdyzstan
Department of “Philological and communications”
Моб. +996 706 444 055
e-mail: Toktogulova-92@mail.ru

# ПОРТРЕТТИК ОЧЕРКТИН КЫРГЫЗ ЖУРНАЛИСТИКАСЫНДА ЭЭЛЕГЕН ОРДУ ЖАНА РОЛУ

# МЕСТО И РОЛЬ ПОРТРЕТНОГО ОЧЕРКА В КЫРГЫЗСКОЙ ЖУРНАЛИСТИКЕ

# PLACE AND ROLE OF PORTRAIT ESSAY IN KYRGHYZ JOURNALISM

***Аннотация.*** *Бүгүнкү күндө кыргыз журналистикасында публицистикалык жанр коомдогу ордун жана ролун ар тараптан талдап кароо ар дайым баалуу жана актуалдуу болуп саналат. Публицистика күндөлүк коомдук саясий актуалдуу маселелерге карата курч көркөм сөздүн күчү менен жазылган адабияттын өзгөчө жанр, башкача айтканда жазуучу журналистин эң актуалдуу саясий коомдук маселелери жана күндөлүк саясий окуялар боюнча пикир айтышы менен мүнөздөлөт.*

***Негизги сөздөр.*** *Публицистика, массалык коммуникация, Очерк, Искуство, Памфлет, Юмор, социалдык тармактар, социальные сети.*

***Аннотация.*** *Анализ различных аспектов журналистского жанра и ролей в обществе всегда ценен и актуален. Публицистика–род произведений, посвященных актуальным проблемам иявлениям текущей жизни общество, играет важную политическую и идеологическую роль как средство выражения плюрализма общественного мнения, в том числе формирующегося вокруг острых проблем жизни.*

***Ключевые слова.*** *Публицистика, Очерк, Искуство, Памфлет, Юмор, массовая коммуникация,*

***Annotation .*** *Analysis of various aspects of journalistic genre and roles is always valuable and relevant. Journalism-is the genus of works dedicated to the actual problems and phenomena of the current life of society/ plays an important polititcal and ideological role as a means of expressing the pluralism of public opinion/ including the acute problems of life.*

***Key words .*** *Journalism, mass communication, Essay, Art, Pamphlet, Humor, social networks.*

Алгач теманы кеңири талдоого киришер алдында, “публицистика” деген сөздүн өзөгү жана келип чыгышын талдап көрөлүк. “ Публицистика ”- (латын тилинде. коомдук ) деген сөзүнөн алынган. Бул-коомдук пикирге түздөн-түз таасир берүүгө багытталган ар кыл социалдык көз караштарды чагылдырууга арналган адабияттын кеңири таралган түрү. Публицистика мезгилдүү басма сөздө очерк, памфлет, юмор, сатира жана курч мүнөздөгү макала түрүндө кездешет. Мисалы “Новый словарь инастранных слов” аттуу китептеги энциклопедиялык публицистикага төмөндөгүдөй кеңири аныктама берилип, анын мүнөзү менен маани-маңызын ачкан. Ошол эле учурда, баары бир, пулицистиканын жалпы эле журна-

листика менен тыгыз байланыштуу экени даана көрсөтүлгөн.

Публицистикалык ыкма башка адабий жанрлардан өзүнүн эмоционалдуулугу, полемикалуулугу, жана кандайдыр бир терең ойдун артынан түшкөндүгү менен айрымаланат. Пулицистика баардык гезит-журнал жанрларын (макала, фельетон, очерк, памфлет, ачык кат ж.б. )жана ошондой эле, адабият, кино, живопись, телекөрсөтүү жанрларын да өзүнө камтыйт. Ушуга байланыштуу, пулицистика бир жагынан бөлөктөрдөн кененирээк мааниде экенине басым жасасак болот. Ал эми, экинчи жагынан, публицистика өсүп-өнүгүп, улам жаңы бийиктиктерди багындырып турган жаңы жараяндар экенин да таанууга болот. Мына ошондуктан публицистиканын ар кандай кырдаал, көрүнүш, окуя жана да түрдүү аныктамасы болуусу толук мүмкүн.

Искуство ( көркөм өнөр) адамдын ички рухий дүйнөсү, ой- мүдөөсү, аң-сезимине таасир этип, жашоо турмушуна багыт бере ала тургандыгы белгилүү. Анын таасири-адамдын көз карашын, ой-пикирин өзгөртө алат. Публицистика жөн эле коомдун өсүп-өнүгүшүн гана көрсөтпөстөн, бүгүнкү күндөгү баардык карама каршылыктуу жашоону да чагылдырат. Бул илим, искуство жана публицистика бири-бири менен карым катнашта болот. Публицистика-дүйнөнү таанып билүүдө эл массасына терең жана ар тараптуу багыт алууга жардам берет. Публицистика-массалык маалымат каражаттары аркылуу адамзаттын аң-сезимине катуу таасир этүүчү курал катары эчак эле өз ордун тапкан. Илим менен дагы тыгыз байланышкан. Себеби кайсыл гана ойду жанрлар аркылуу чагылдырып жатканда, ал илимий терең талдоону талап кылат. Бул журналистика пайда болгондон баштап эле, жөн гана маалыматты жеткирбестен, аны ишенимдүү кылып далилдөө аркылуу жеткирүү талап кылынат. Ал эми экинчи талабы калктын калың катмары үчүн абдан түшүнүктүү болуу керек. Мындан бир нече кылым мурун да газета пайда болгондо публицистиканын алгачкы түрлөрү да келип чыккан.

“Мына ошентип, газеталардын пайда болушу менен публицистиканын арымдуу кадамдары башталып, ар түрдүү жанрда берилип турган”.

Публицистикалык жанрлар кийинки мезгилде бир даалай басма сөз изилдөөчүлөрдүн темасына айланды.Эң көп изилденген жанр очерк болуп саналат.

Очерк-эпикалык баяндоого жаткан көркөм публицистикалык жанр. Сюжеттик негизин турмуштук учурдагы фактылар, окуялар түзөт. Бул жанр публицистикалык маанидеги материалдардан өзүнүн тийиштүү ордун ээлеп турат. Аталган жанр адамдын же эмгек жамаатынын өсүп-өнүгүшүн, тарбияланышын жана иш аракеттерин аларга мүнөздүү болгон жеке сапаттарынын негизинде чагылдырган көркөм публицистикалык жанр. Ал окурмандар арасында белгилүү деңгээлде колдоого алынып келе жаткан жанр катары таанылган.

Кыргыз адабиятында жана журналистикада очерк 1931-жылдан өз алдынча жанр катары чыга баштаган. Анын калптанышына жана өнүгүшүнө М.Токобаев, М. Элебаев, А. Токомбаев, С.Сасыкбаев жана башка жазуучулар менен публицистердин чыгармачыл салымдары зор. Кийинки жылдарда кыргыз очерки өнүгүүнүн жаңы баскычтарына көтөрүлүп Ч. Айтматов, С. Сасыкбаев, Э. Медербеков, К. Жусупов өңдүү жазуучулардын очерктери менен идеялык-эстетикалык жактан баюда. Демек, очерк жанрынын тарыхына токтолуп, анын качан, кимдер тарабынан биринчи болуп жарыкка келгендигин айтпай кетүүгө да болбой. Жазуучулар менен журналистердин турмушка жакын болушуна баарыдан мурда алардын газеталык ишти аткарышы себепкер болгон. Анткени турмуштун кандай гана жаңылыгы болбосун, анын баардыгы газета аркылуу пропагандалап турган. Отузунчу жылдардын башында очерктер белгилүү бир теориялык эрежелерге таянуу менен карабастан, ар бир автордун өз түшүнүгү боюнча жаралгандыктан, алардын ар түрдүү болуп калышы жөнүндө айтылган.

Отузунчу жылдардын ичинде газета, журналдарга жарыяланган болуп баардыгы 31 очерк жарык көргөн. Алардын алгачкыларынын айрымдары гана жанрдын талабына аздыр-көптүр жооп берерлик сапатта болсо, көпчүлүгү көркөмдүүлүгү жагынан да, публицистикалуулугу жагынан да мерчимдүү деңгээлге көтөрүлө албай, бирде ылдый болсо,

бирде өйдө болуп турган. Дал ушул учурдун өзүн очерк жанырынын пайда болушу жана өнүгүшүнүн биринчи этабы катары карасак болот. Очерк жанрынын өнүгүү этаптарын белгилөөдө алардын бири-биринен айрымалуу өзгөчөлүктөрү эске алынат. Өнүгүү жолунун телчигүү мезгилиндеги очерктердин башкы темасы-социалистик курулуштун республикада канат жайышы, элдин да, жердин да кайрадан жаралышы жана ушундай улуу процесстин жүрүшү. Турмуштун ар түрдүү тармактарында орун алган окуялар, көрүнүштөр, авторлордун командировкада жүргөн кездеринде баамдалып, алар көбүнчө жол окуялары катары берилгендиктен , ал кезде очерктин ушул түрү- жол очерктери басымдуулук кылган. Кыргыздын жазуучулары жана журналистери көп учурда турмуштук окуяларды өтө оперативдүүлүккө сүрөттөгөн очерктин жаңы түрлөрүн жаратышкан. Кыргыз басма сөздөрүнүн беттеринен отузунчу жылдардын башында автобиографиялык очерктер орун ала баштаган.

Кыргыз адабиятында очерк жанрынын пайда болушу жалпы эле коомдук турмуштун жаңы багытта, жаңыча темпте дүркүрөп өсүшү менен шарталат.

Ал эми ошол милдетти ишке ийгиликтүү ашыруунун бирден бир жарашыктуу каражаты очерк жанры гана боло ала тургандыгына көздөрү жеткен көп журналистерибиз жана жазуучуларыбыз бул багыт боюнча өз мүмкүнчүлүгүнө жараша аракет жасашкан. Бүгүнкүдөй эле кыргыз совет адабиятынын жаралышына жана анын илгерлеп өнүгүшүнө себепкер болгон “Эркин Тоо”газетасы, “Чабуул” журналдарынан очерк жанрынын жаралышын жана акырындап өнүгүшүн көрө алабыз.

Алгач очерктердин негизги темасы – Кыргызстанда жаңы турмуштун орношу, чыңалышы жана ушул багытта өнүгүүгө бөгөт болгон эскинин калдыктары менен жаңынын жалындуу өкүлдөрүнүн ортосундагы карама-каршылыктардын өз ара кармашуулары болгон.

Очерк туурасында материалдар газета-журналдардан жыйырманчы жылдардын аягында отузунчу жылдардын башында аз-аздан орун алып келген. 60-70-жылдары көркөм очерк кубаттуу жанданууулар байкалган. Биринчиден бул жанрда иштеген авторлордун көбөйгөндүгү, экинчиден жанрдын табиятына туура келген чыныгы көркөм очерктердин көбүрөөк жазылгандыгы көңүлдү бурбай койбойт. Белгилей кетсек 60-70-жылдары көркөм очерк жанрында өзүнүн баардык күчүн, жөндөмдүүлүгүн жумшаган Саткын Сасыкбаевдин эмгегин атайын белгилөө керек.Согуштан кийинки кыргыз прозасында роман, повесть жанрларынан башка аңгеме, очерк, фельетон жанрлары да катуу жанданган.

Ошентип, азыркы учурда очерк деген жанрдык атоо менен жарыяланып жаткан материалдардан эмнени байкасак болот.

Негизинен жанрдын бир гана түрү-портреттик түрү гана колго алынып жатат. Көз чаптырып көрсөк портреттик очерктин кароосуна алынбаган бир дагы кесип ээси калбагандай. Портреттик очерктин обьектисине алынган тигил же бул каармандын ишмердигин, даңазалуу эмгегин далилдеген сандык көрсөткүчтөр, фактылар албетте керек. Деген менен, окурман ал каармандын ошол көрсөткүчтөр менен фактылардын нары жагында жашырынып жаткан адеп-ахлах ыйман, граждандык эрк-кайратын, кыскасы адамдын адамдык касиет-наркын көргүсү келет.

Экинчиден, портреттик очеркте жеке эле бир адамдын, коллективдин жалпыланган келбетин көрсөтүү менен бирге ошол кишилерге тике катыштыгы бар чоң-кичине маселелер да козголушу керке. Демек, ушул тапта очерк деген жанрдык белги менен күкүктөп чыгып жаткан материалдардын баардыгын тез эле нукура очерк деп эсептөөгө болбойт. Очерк көркөм публицистика жанрынын эң бийик чокусу деп айтсак жаңылышпайбыз. Бирок, анын жазылышы, даярдыгы көбүрөөк кыйынчылык туудурат. Эгер журналист жакшы очерк жазам десе ар кандай методдорду колдоно билиш керек. Ошол ар кандай методдорду колдонуу менен очерк жазууда изилдөөчүлүк алдыда турат. Эгерде изилдөөнүн сабагы көйгөйлүү окуя болсо анда изилдөөчүлүк методу теоретикалык метод болуп эсептелет. Изилдөөнүн учурунда журналисти жеке адам кызыктырса, анда мүнөздөмө керек метод аркылуу ишке ашат.Анан дагы жол очерки болот. Ошентип очерк үч топко бөлүнөт.

Портреттик очерк

Көйгөйлүү очерк
Жол очерк.

**Колдонулган адабияттар;**


1. Бакыт Орунбеков. Журналистика негиздери. Бишкек- 2015ж
2. Ученова В., Беседы о журналистике, Москва, «Молодая гвардия»-1985.
3. 26. Парламентская журналистика в Кыргызстане (под редакцией Г. Төралиевой), Бишкек-2007.
4. 27. Прохоров Е. П. Введение в теорию журналистики. М., 2011.
5. 28. Прохоров Е.П. Гуманизм – основа журналистики XXI века, М., 1997.
6. NEWSru.com
7. См.: http://www.redactor.in.ua/media_new/1507. html.